**СУНУШ КЕЛИШИМИ/КООМДУК КЕЛИШИМ**
**(2.0 редакциясы)**

| АЧЫК СУНУШ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ | |
|---|---|
| **Сунуш жасаган жак (камсыздандыруучу)** | "САКБОЛ" жабык акционердик коому ИНН 01009200810170, ОКПО 25922048, 004 Бишкек ш.Биринчи май району боюнча МСКБ. Юридикалык жана иш жүзүндөгү дареги: Кыргыз Республикасы, 720021, Бишкек ш., Токтогул көчөсү, 47. Байланыш +996 (312) 680 821/+996 (312) 680 822, сайт - www.sakbol.com, e-mail- office@sakbol.kg, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын лицензиясы №0002 сериясы МК, 16.10.2023, каттоо номуру №02. |
| **Сунуш** | Бул камсыздандыруу келишими «САКБОЛ» ЖАК тарабынан транспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишимин (мындан ары – «ОСАГО Келишими») төмөндө көрсөтүлгөн шарттарга ылайык түзүү боюнча расмий сунушу болуп эсептелет.<br>Камсыздандыруу келишимин же анын формасы камсыздандыруу полисин түзүү жөнүндө сунушту кабыл алуу (акцептөө) сунуш келишиминин предмети болуп саналат. Бул сунушту кабыл алуу, камсыздандыруучулар тарабынан берилген жеке маалыматты чогултууга, иштеп чыгууга жана сактоого толук макулдукту берүү деп эсептелет. Өз кезегинде,"САКБОЛ" ЖАК камсыздандыруучулар тарабынан берилген маалыматтарды үчүнчү жактардын кийлигишүүсүнөн коргоону камсыз кылууга милдеттенет.<br>Бул сунуш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана Башкы директор тарабынан бекитилген. Сунуш Камсыздандыруучунун кызматкерлери же ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан кагаз жана/же электрондук түрдө таратылат, ошондой эле Камсыздандыруучунун www.sakbol.com дарегиндеги расмий интернет-ресурсунда жайгаштырылат. Бул сунуш шарттары менен камсыздандыруучунун төмөнкү даректеги: Бишкек ш., Токтогул көч., 47. офисинен таанышсаңыздар болот. Сунуш келишими камсыздандырылуучунун ушул сыяктуу жана башка камсыздандыруу келишимдерин түзүү укугун чектебейт. |
| **Сунуштун шарттарын өзгөртүү** | Сунуштун шарттарын өзгөртүү: «САКБОЛ» ЖАК бир тараптуу түрдө учурдагы сунуштун жоболоруна байланыштуу өзгөртүүлөрдү расмий сайтка жарыялоо жолу менен өзгөртүүгө укуктуу. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, бардык камсыздандыруу келишимдеринин жаңы редакциясы басылып чыкканга чейин түзүлгөн шарттары өзгөрүүсүз калат жана мындай камсыздандыруу полистерин түзүү учурундагы колдонуудагы редакцияга ылайык келет. |
| **Сунуштун жарактуу мөөнөтү** | Бул Сунуш мөөнөт менен чектелбейт жана камсыздандыруучу аны расмий Интернет-ресурста маалыматты ачыкка чыгаруу менен чакыртып алган учурда өзүнүн аракетин токтотот. Бул Сунушту кайра чакыртып алган учурда, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, камсыздандыруучунун бардык тариздelген камсыздандыруу полистери боюнча милдеттенмелери алардын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин күчүндө болот. |

**Колдонулган негизги түшүнүктөр:**

а) Камсыздандырылуучу - камсыздандыруучу менен камсыздандыруу келишимин түзгөн жеке же юридикалык жак.

б) Камсыздандыруучу — Закрытое акционерное общество «САКБОЛ».

пайда табуучу - жабырлануучу жана (же) ал каза болгон учурда жабырлануучунун - жеке жактын мураскору болгон, же болбосо төлөнүүчү камсыздандырууну алууга укугу бар юридикалык жак кайра уюштурулган учурда мыйзамдуу укук улантуучусу болгон жак.

в) Камсыздандыруу объектиси – камсыздандыруу мезгилинин ичинде жана камсыздандыруу аймагында камсыздандыруу окуясы болгондон кийин келип чыккан чыгашалар менен байланышкан мүлктүк кызыкчылыктар.

г)Камсыздандыруу суммасы - камсыздандыруучу камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандырып ордун толтурууну милдеттүү түрдө төлөп берүүгө милдеттенген сумма.

д) Камсыздандыруу сыйлыгы - камсыздандыруучу камсыздандыруу полисинде белгиленген тартипте жана мөөнөттө камсыздандыруучуга төлөөгө милдеттүү болгон төлөмдүн суммасы.

е)Камсыздандыруу окуясы - камсыздандыруу полисинде көрсөтүлгөн камсыздандыруу тобокелдери камтылган окуянын келип чыгуу фактысы, анын натыйжасында жабырлануучунун (үчүнчү жактын) өмүрүнө, ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу милдети келип чыгат.

ё) Камсыздандыруу төлөмү - камсыздандыруу окуясы болгондо камсыздандыруу суммасынын чегинде пайда алуучуга Камсыздандыруучу тарабынан төлөнүүчү акчанын суммасы.

ж) Камсыздандыруу полиси - камсыздандыруу келишимин түзүү фактысын жана камсыздандыруу шарттарына ылайык камсыздандыруу компенсациясын төлөө боюнча камсыздандыруучунун милдеттенмелеринин күчүнө киришин күбөлөндүргөн документ.

**Камсыздандыруу полисинин негизги шарттары:**

1. камсыздандыруучунун жана камсыздандырылуучунун толук аты-жөнү жана дареги;
2. камсыздандыруу объекти;
3. камсыздандыруу аймагы;
4. камсыздандыруучу тарткан тобокелдиктер;
5. камсыздандыруу полисинин колдонуу мөөнөтү;
6. камсыздандыруу суммасы, анын ичинде:
- жабырлануучулардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликтин чеги;
- жабырлануучулардын мүлкүнө зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликтин чеги;
7. камсыздандыруу акысы, төлөө орду жана тартиби;
8. камсыздандыруу полиси берилген дата;
9. камсыздандыруу окуясы болгондо камсыздандырылуучунун (камсыздандырылган адамдардын) аракеттеринин тартиби.

Камсыздандырылуучу камсыздандыруу полисинин түп нускасын камсыздандыруучудан же анын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн кагаз жана/же электрондук түрдө алат.

Полис ээси камсыздандыруу полисин кагаз түрүндө камсыздандыруучунун же анын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн кеңсесинен же сатуу пункттарынан ала алат.

## АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭЭЛЕРИНИН ЖАРАНДЫК-УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИГИН МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУНУН ШАРТТАРЫ (ЖКККБ же ОСАГО)

| | |
|---|---|
| **1. Жалпы шарттар** | 1.1. Бул камсыздандыруу шарттары “Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 24-июлундагы № 192 Мыйзамына (мындан ары – Мыйзам), Милдеттүү камсыздандыруу эрежелерине ылайык түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 19-майындагы № 257 токтому (мындан ары – Эреже) менен бекитилген автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык жоопкерчилиги жөнүндө.<br>1.2. Эрежелер бул Сунуштун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул Сунуштун жоболорун толуктайт. Эрежелердин тексти Камсыздандыруучунун расмий веб-сайтында жайгаштырылган, |

| | |
|---|---|
| | ошондой эле кагаз түрүндө камсыздандыруучунун кеңсесинде же соода түйүндөрүндө жеткиликтүү.<br>1.3. Камсыздандыруу окуясы болгондо камсыздандыруучу камсыздандыруу компенсациясын төлөөгө, ал эми Камсыздандыруучу камсыздандыруу сыйлыгынын суммасын ушул Сунушта жана Эрежелерде аныкталган шарттарга ылайык төлөөгө милдеттенет. |
| **2. Камсыздандыруунун объектиси. Камсыздандырылган адамдар.** | 2.1. Автотранспорт каражаттарын пайдаланууда болгон жол-транспорт кырсыгынын натыйжасында жабырлануучулардын өмүрүнө жана ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу милдеттүүлүгүнө байланышкан автотранспорт каражаттарынын ээлеринин мүлктүк кызыкчылыктары милдеттүү камсыздандыруу объектиси болуп саналат.<br>2.1. Төмөнкү адамдар камсыздандырылуучулар болуп саналат:<br>2.1.1. Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланылуучу бардык автотранспорт каражаттарынын ээлери жана (же) айдоочулары;<br>2.1.2. Кыргыз Республикасына киргенде башка мамлекетте катталган транспорт каражаттарынын ээлери жана (же) айдоочулары. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, күчүнө кирген эл аралык келишимдин шарттарына ылайык Кыргыз Республикасында таанылган башка мамлекетте камсыздандыруу полисин түзгөн менчик ээлеринен тышкары.<br>2.2. Өзүнүн кызматтык же эмгектик милдетин аткаруу шартына байланыштуу, анын ичинде автотранспорт каражаттарынын ээлери менен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде, же болбосо бүтүмдү жазуу жүзүндө тариздебеген автотранспорт каражатынын ээсинин эрки менен анын катышуусунда автотранспорт каражаттарын башкарган жеке жактарга жарандык-укуктук жоопкерчиликти милдеттүү камсыздандыруу боюнча милдеттүүлүк жайылтылбайт. |
| **3. Камсыздандыруу-нун жарактуулук мөөнөтү жана аймагы** | 3.1. Камсыздандыруу аймагы болуп Кыргыз Республикасы болуп саналат.<br>3.2. Сунушту кабыл алуу учурунда камсыздандырылуучу тарабынан аныктала турган камсыздандыруу мөөнөтү Тараптардын макулдашуусу боюнча 5 күндөн кем эмес жана 1 (бир) жылдан ашпаган мөөнөткө белгилениши шарт.<br>3.3. Камсыздандыруу коргоосу камсыздандыруу полисинин күчүнүн бүткүл мөөнөтүндө суткасына 24 саат күчүндө болот. |

| | |
|---|---|
| **4. Камсыздандыруу сыйлыгын эсептөө** | 4.1. Камсыздандыруу сыйлыгы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №107 "Автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык-укуктук жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу суммаларынын минималдуу өлчөмдөрүн, жоопкерчилик лимиттерин жана камсыздандыруу сыйлыктарынын тарифтерин бекитүү жөнүндө" Токтомуна ылайык (мындан ары - Токтом), базалык камсыздандыруу сый төлөмүнүн өлчөмү - 1680 (бир миң алты жүз сексен) сом жана төмөнкүдөй камсыздандыруу тарифтеринин коэффициенттеринин көбөйтүндүсү:<br>• Автотранспорттун кыймылдаткычынын түрү жана көлөмү;<br>• Айдоочунун жашы жана иш стажы;<br>• Айдоочулардын саны (автотранспорт каражаттарын башкарууга уруксат берилген адамдар):<br>- 4 адамга чейин;<br>- 4 адамдан ашык (чектөөсүз).<br>• Чет мамлекетте катталган автотранспорт каражаттары үчүн.<br>• Автотранспорт каражатынын диагностикалык картасынын (техникалык кароосунун) болушу;<br>• Камсыздандыруу мөөнөтү;<br>• Өткөн камсыздандыруу мезгилинде камсыздандыруу окуяларынын болушу (бонус-малус).<br>Камсыздандыруу сыйлыгына 3% сатуудан салык (СС) кошулат. |
| **5. Камсыздандыруу окуяларына тиешелүү болбогон учурлар** | 5.1. Камсыздандыруу тобокелдигине окуяларына төмөнкүдөй учурлар кирбейт:<br>1) Камсыздандыруу полисинде көрсөтүлгөн автотранспорт каражатынан башка автотранспорт каражатын колдонуу учурунда зыян келтирүү келтирилсе;<br>2) Моралдык зыян келтиргенде же алынбай калган пайданын ордун толтуруу боюнча милдеттер пайда болгондо;<br>3) Атайын бөлүнгөн жерлерде мелдештерде, сыноолордо же автотранспорт каражаттарын айдоого машыгуу учурунда пайдаланууда зыян келтирүү келтирилсе;<br>4) курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн булганышы;<br>5) кызматкерге келтирилген зыяндын ордун иш берүүчүгө толтуруу боюнча милдеттенмелер;<br>6) автотранспорт каражатын пайдалануучу Жак камсыздандырылуучу менен болгон эмгектик мамилесинен улам талап койгондо;<br>7) айдоочу өзү башкарган автотранспорт каражатына жана анын чиркегичтерине, алар ташып жаткан жүккө, аларга орнотулган жабдууларга зыян келтирүү;<br>8) жүктү автотранспорт каражатына жүктөөдө же аны түшүрүүдө зыян келтирүү;<br>9) тарыхый-маданий мааниси бар байыркы жана башка уникалдуу буюмдарды, имараттарды жана курулмаларды, баалуу металлдардан жана баалуу жана жарым-жартылай асыл таштардан жасалган буюмдарды, накталай акча каражаттарын, баалуу кагаздарды, диний мүнөздөгү буюмдарды, ошондой эле илимий эмгектерди, адабият жана искусство чыгармаларын, интеллектуалдык менчиктин башка объекттерин зыянга учураса же жок кылынса;<br>10) автотранспорт каражатынын ээсинин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында же камсыздандыруу полисинде каралган жоопкерчилик чегинен ашкан зыяндын ордун толтуруу боюнча милдети;<br>11) зарыл коргонуу же өтө зарылчылык абалында атайылап жасалган аракеттерди кошпогондо, камсыздандырылуучунун, пайда табуучунун |

| | |
|---|---|
| | (жабырлануучунун) же камсыздандырылган адамдын (айдоочунун) ниетинен улам камсыздандыруу окуясы келип чыгышы;<br>12) камсыздандырылуучу же айдоочу тарабынан өзүнүн мүлкүнө жана жакын тууганарынын мүлкүнө зыянкелтирүү. |
| **6. Камсыздандыруу чыгымынын ордун толтуруу :** | 6.1. Ар бир жабырлануучунун өмүрүнө же ден соолугуна зыян келтирилгендиги жана төмөнкүлөргө алып келгендиги үчүн:<br>• Жабырлануучунун өлүмү – 300000 (үч жүз миң) сом өлчөмүндө;<br>• Жабырлануучуга майыптуулуктун белгиленишине:<br>- I группа - 200000 (эки жүз миң) сом өлчөмүндө;<br>- II группа - 150000 (жүз элүү миң) сом өлчөмүндө;<br>- III группа - 100000 (жүз миң) сом өлчөмүндө;<br>- "Майып бала" категориясына - 200000 (эки жүз миң) сом өлчөмүндө;<br>• Майыптуулук белгиленбестен майып болууга, жаракатка же ден соолугунун башка бузулушуна - амбулатордук жана (же) стационардык дарылануга иш жүзүндө жумшалган чыгымдардын өлчөмүндө, бирок 100000 (жүз миң) сомдон ашык эмес<br>• Жабырлануучулардын мүлкүнө зыян келтиргендиги үчүн - келтирилген зыяндын өлчөмүндө, бирок ар бир жабырлануучуга 150000 (жүз элүү миң) сомдон ашык эмес жана бардык жабырлануучуларга 450000 (төрт жүз элүү миң) сомдон ашык эмес.. |
| **7. Сунушту кабыл алуу:** | 7.1. Камсыздандыруу акысын төлөгөнгө чейин камсыздандырылуучу Сунушта камтылган шарттар, камсыздандыруу Эрежелери менен таанышат.<br>7.2. Эгерде ал Сунушта сунушталган шарттарда камсыздандыруу полисин түзүүгө макул болсо, кардар Сунушту кабыл алат.<br>7.3. Сунушту кабыл алуу Камсыздандыруу учун www.sakbol.com веб-сайты же Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын веб-сайты/тиркемеси аркылуу камсыздандырууга арызды (арызды) жөнөтүү жана камсыздандыруу акысын төлөө фактысы болуп саналат<br>7.4. Кабыл алуу датасы - камсыздандырууга арыз катталган берилген күн болуп эсептелет.<br>7.5. Камсыздандыруу акысын төлөө Сунуштагы шарттарда камсыздандыруу полисин түзүүгө камсыздандырылуучунун макулдугу болуп саналат жана камсыздандыруу полисин кабыл алуу/берүү фактысын тастыктайт. |
| **8. Өзгөчө шарттар** | 8.1. Камсыздандыруу окуясынын белгилери бар окуя болгондо камсыздандырылуучу ЖКККББ (МАИ) органдарына дароо билдирүүгө жана камсыздандыруучуга мындай окуя болгондугу жөнүндө +996706338338, 0507338338 телефондору боюнча же болбосо: office@sakbol.kg почтасы боюнча билдирүүгө милдеттүү.<br>8.2. Тараптар Сайтта катталууда жана/же арызды толтурууда жана/же Камсыздандыруучунун көрсөтүлгөн кызматына төлөөдө Камсыздандырылуучунун реквизиттери катары ал тарабынан берилген маалыматтарды кароого макул болушат.<br>8.3. «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынынын жана Эл аралык макулдашуулардын негизинде, бул Сунушту кабыл алуу камсыздандыруучунун ушул Сунуштун шарттарына ылайык камсыздандыруу полисин түзгөн адамдар менен болгон камсыздандыруу окуялары жөнүндө ээсиздендирилген маалыматтарды таратууга макулдугун, ошондой эле Камсыздануучудан мындай маалыматты алууга макулдугун билдирет.<br>8.4. Камсыздандыруу полисине өзгөртүүлөр, толуктоолор же оңдоолор муктаждыгы келип чыккан учурда Камсыздандыруучунун кеңсесине кайрылууңуз керек. |

<table>
<tr><td></td><td>8.5. Камсыздандыруу полиси Камсыздандыруучунун демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда камсыздандыруу акысын кайтарып берүү жүргүзүлбөйт.</td></tr>
<tr><td>9. Талаштарды чечүү</td><td>9.1. Камсыздандыруу полиси боюнча камсыздандырылуучу менен камсыздандыруучунун ортосунда келип чыккан талаш-тартыштар сүйлөшүү жолу менен чечилет. Макулдашууга жетишилбегенде талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген сот тартибинде каралат.<br>9.2. Ушул сунушта жана Эрежелерде жөнгө салынбаган бардык маселелер боюнча Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алышат.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Камсыздандырылуучунун, автотранспорт каражаттарынын ээсинин же автотранспорт каражаттарын башкарууга уруксат берилген адамдардын камсыздандыруу окуясынын болушуна багытталган атайын аракеттери, ошондой эле камсыздандыруу төлөмдөрүн мыйзамсыз алууга багытталган башка алдамчылык аракеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартылат.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Пайда болгон дооматтар боюнча сиз камсыздандыруу уюмдарынын ишин жөнгө салуучу органга кайрылсаңыз болот: Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы, Бишкек шаары, Чүй проспекти 114.<br>Телефон: +996 (312) 62 44 60, 62 44 70</td></tr>
</table>